**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

___________________№__________ Бишкек ш.

**2025-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу максатында, Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин системасы үчүн даректүү коррупцияга каршы чараларды иштеп чыгуу боюнча ведомство аралык эксперттик комиссияны түзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2025-жылдын 10-апрелиндеги № 60 буйругунун 4-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №250 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жөнүндө жобонун 17-пунктунун 18-пунктчасына ылайык **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2025-2026-жылдарга коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - План) ушул буйруктун тиркемесине ылайык бекитилсин.
2. Министрликтин түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери:
   - Пландын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын камсыз кылышсын;
   - квартал сайын, отчеттук кварталдан кийинки айдын 5инен кечиктирбестен, ошондой эле суроо-талап боюнча коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктууга Пландын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат беришсин.
3. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу Министрликтин жетекчилигинин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин суроо-талабы боюнча Пландын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө жыйынды маалымат берсин.
4. Пландын сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн министрликтин түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жеке жоопкерчилик белгиленсин.
5. Министрдин биринчи орун басары, министрдин орун басарлары тескөөгө алган түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрү тарабынан бул буйруктун аткарылышын контролдоону колго алышсын.
6. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2024-жылдын 23-январындагы № 05 "2024-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө" буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.
7. Иш кагаздарын жүргүзүү жана аткарылышын контролдоо бөлүмү бул буйрукту министрдин биринчи орун басарына, министрдин орун басарларына, түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрдүн кызматкерлерине жеткирсин.
8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**Об утверждении Плана действий Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики по минимизации коррупционных рисков на 2025-2026 годы**

В целях снижения риска возникновения коррупции, в соответствии со статьей 8 Закона Кыргызской Республики «О противодействии коррупции», пунктом 4 Приказа Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики «Об образовании межведомственной экспертной комиссии по выработке адресных антикоррупционных мер для системы Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики» от 10 апреля 2025 года № 60, подпунктом 18 пункта 17 Положения о Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики (далее – Министерство), утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 250 **приказываю:**

1. Утвердить План действий Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики по минимизации коррупционных рисков на 2025-2026 годы (далее – План) согласно приложению к настоящему приказу.

2. Руководителям структурных и подведомственных подразделений Министерства:

– обеспечить своевременное и качественное исполнение Плана;

– ежеквартально, не позднее 5 числа месяца, следующего за отчетным кварталом, а также по запросу, представлять информацию о ходе исполнения Плана уполномоченному по вопросам предупреждения коррупции.

3. Уполномоченному по вопросам предупреждения коррупции по запросу руководства Министерства, а также Государственного комитета национальной безопасности Кыргызской Республики, представлять сводную информацию о ходе исполнения Плана.

4. Установить персональную ответственность на руководителей структурных и подведомственных подразделений Министерства за качественное и своевременное выполнение Плана.

5. Первому заместителю министра, заместителям министра взять на контроль исполнение данного приказа курируемыми структурными и подведомственными подразделениями.

6. Признать утратившим силу приказ Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики «Об утверждении Плана действий Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики по управлению коррупционными рисками на 2024-2026 годы» от 23 января 2024 года № 05.

7. Отделу контроля исполнения и делопроизводства довести настоящий приказ до сведения первого заместителя министра, заместителей министра, сотрудников структурных и подведомственных подразделений.

8. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Министр** **Б.Т. Сыдыков**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН